УДК: 378.1
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-81-86

**Өмүрканова Ч.Т.**
пед. илим. канд., доц.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
chynara.290873@ mail.ru
**Омурканова Ч.Т.**
канд. пед. наук, доц.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
chynara.290873@ mail.ru
**Omurkanova Ch.T.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
chynara.290873@ mail.ru

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДА АРАЛЫКТАН БИЛИМ БЕРҮҮ МЕНЕН ОНЛАЙН ОКУТУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЛИМИЙ НЕГИЗДЕРИ

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУЧНЫЕ ОСНОВЫ ОНЛАЙН-ОБУЧЕНИЯ С ПРИМЕНЕНИЕМ ДИСТАНЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ВЫСШЕЙ ШКОЛЕ

# PEDAGOGICAL SCIENTIFIC FOUNDATIONS OF ONLINE LEARNING USING DISTANCE TECHNOLOGIES IN HIGHER EDUCATION

**Аннотация:** Илимий макалада ЖОЖдо пандемиянын учурунда аралыктан билим берүү жана менен онлайн окутуунун айрымачылыгы жана өзгөчөлүктөрү каралды. Аралыктан билим берүү менен онлайн окутууну уюштуруунун артыкчылыктары жана кемчиликтери жөнүндө кеңири берилди. Жаңы маалыматтык билим берүү технологиясы бул – компьютердик, аудио жана видео техникалык каражаттарды пайдаланууга негизделген соңку усулдарды жана ыкмаларды пайдалануу менен иш алып баруу болуп саналат. Аралыктан билим берүү жана онлайн окутууда студенттин базалык түшүнүгүн интерактивдүүлүк жана студент менен окутуучунун системалык өз ара байланышы аркылуу ишке ашырылуучу иш-аракет катары түшүнүүгө болот. ЖОЖдо аралыктан билим берүүнүн моделин жана программага ылайык окуу методикалык шарттарды түзүү натыйжалуу экендигин белгиленди.

**Негизги сөздөр:** аралыктан билим берүү, АББны уюштуруунун педагогикалык шарттары, дидактикалык материалдардын комплекси, коммуникациялык ыкмалар, онлайн окутуу, синхрондук жана асинхрондук тапшырмалар, окутуунун технологиялары.

**Аннотация:** На сегодняшний день дистанционное и онлайн обучение является неотъемлемой частью нашей жизни. Статья посвящена актуальной проблеме современного образования – дистанционного и онлайн-обучения. В статье рассматриваются отличия и особенности дистанционного и онлайн-обучения в ВУЗе в период пандемии. Подробно обсуждались преимущества и недостатки организации дистанционного и онлайн-обучения. Новые информационные образовательные технологии – это использование новейших методов и приемов, основанных на использовании компьютерной, аудио и видео техники. В дистанционном образовании и онлайн-обучении основная концепция студента может пониматься как деятель-

ность, осуществляемая посредством интерактивности и систематического взаимодействия между студентом и преподавателем. Было отмечено, что создание модели дистанционного обучения в ВУЗе соответствии с программой являются эффективными.

**Ключевые слова:** дистанционное обучение, педагогические условия организации ДО, комплекс дидактических материалов, коммуникационные способы, онлайн обучение, синхронные и асинхронные задания, технологии обучения.

**Annotation:** Today distance and online education is an integral part of our life. The article is devoted to the actual problem of modern education, distance and online learning. The article examines the differences and features of distance and online education at a university during a pandemic. The advantages and disadvantages of organizing distance and online learning were discussed in detail. New information educational technologies are the use of the latest methods and techniques based on the use of computer, audio and video technology. In distance education and online learning, the basic concept of a student can be understood as an activity carried out through interactivity and systematic interaction between student and teacher. It was noted that the creation of a model of distance learning in the university in accordance with the program are effective.

**Keywords:** distance learning, pedagogical conditions of organizing distance learning, a set of didactic materials, communication methods, online learning, synchronous and asynchronous tasks, learning technologies.

**Актуалдуулугу:** Кырдаалга жараша билим берүү процессинде жаңы маалыматтык технологияны туруктуу колдонуу университеттердин жалпы бирдиктүү иш-аракети катары кабыл алынып, педагогикалык илимий негизинде иш алып баруудабыз.

**Аралыктан билим берүү**. Ал эми аралыктан билим берүү менен онлайн окутуунун негизги айырмасы – аралыктан окуу мурдатан эле келе жаткан форма, аралыкта туруп окутуучулар, университеттин окуу бөлүмдөрү тарабынан бардык уюштуруу маселелери чечилип, семестрлик дисциплиналар AVN порталына жүктөлүп, андан соң кафедрада иштеген окутуучулар тарабынан окуу-методикалык колдонмолор жана тапшырмалар, тесттер жөнөтүлөт, студенттер тапшырмаларды аткарып, кайра аны окутуучуга жиберет. Жаңы маалыматтык билим берүү технологиясынын маңызы аны колдоно билүүдө жана аралыктан билим алган студентке карата тапшырмаларды сунуштап, шык берүүдө турат, бул жерде студент үйүндө же ишинде компьютердин жардамы менен, профили боюнча мамлекеттик билим берүү стандартына кирген бардык дисциплиналарды электрондук окуу китептеринин толук топтому менен өз алдынча үйрөнө алат [13].

Аралыктан билим берүү азыркы учурдагы жаңы маалыматтык технологияларга негизделген кандайдыр бир алыстыктан маалыматтык билим берүү системасын билдирет. Ал окутуунун, айрыкча, ыкчам өнүгүп бара жаткан формасы болуп саналат. Аралыктан билим берүүнү жогорку мектепте, ошондой эле адистердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоодо пайдаланууга болот. Кыргызстандын географиялык аймактык өзгөчөлүгүн жана алыскы аймактарында сапаттуу окутуу талабын көңүлдүн борборунда алганда, аралыктан билим берүү кызматы негизги орунду ээлейт.

Биздин республикада, ошондой эле чет өлкөлөрдө аралыктан билим берүүнү өнүктүрүү идеясы барган сайын кеңири колдонулуп жатат. Азыркы учурдагы компьютердик жана коммуникациялык технологияларды пайдаланууга негизделген мындай системалар окуу, илим жана техника борборлорунан алыста турган адамдардын билим алуу жана квалификациясын жогорулатуу милдеттерин чечүүгө мүмкүндүк берүүдө. Билимдин жана технологиянын дүркүрөп өнүгүшүнө, ийгиликтүү иш жүргүзүү үчүн зарыл болгон

маалыматты алуунун тездик менен өсүшүнө байланыштуу аралыктан билим берүү өзгөчө актуалдуу болуп бара жатат [6]

Аралыктан билим берүүнүн окутуучулардын студенттер менен иштөөдө AVN программасы аркылуу көзөмөлдөөчү механизми бар ошону менен бирге илимий педагогикалык окуу-методикалык комплексттерди, тестерди, адабияттарды жаңылоо ж.б.

Аралыктан билим берүү боюнча технологияны жакшы өздөштүргөн адистердин жардамы менен окутуучулар тренингдерден онлай жана офлайн түрүндө өтүшүп, эң ыңгайлуу программаларды окуу процессине киргизип, электрондук AVN программасы менен порталга илимий педагогикалык видео сабактарды, окуу-методикалык колдонмолорду, методикалык сунуштарды, дисциплиналар боюнча адабияттарды дисциплиналар боюнча аралыктан окуган студенттер үчүн жүктөшөт [2, 8-б.]

**Онлайн окутуу.** Ал эми онлайн окуу – билим берүүнүн таптакыр башка формасы. Бул учурда мугалим өзүнүн студенттери менен синхрондук (түздөн-түз) дагы жана асинхрондук ( тапшырмаларды жиберип, кайра алып текшерүү) дагы байланышта болот, ушул эки форматында эле онлайн окутуунун көп түрү бар.

Онлайн окутууда, окутуучулардын окуткан дисциплиналары боюнча маалыматтарды топтоп, видеосабак жасоонун жолдорун үйрөнүп, Youtube канал ачып, лекцияларды жана практикалык сабактарды жүктөп, алгылыктуу иш алып барып жаткандыгы кубанарлык көрүнүш. Ошону менен бирге, лекция жана практикалык сабактарды өтүүдө интерактивдүү досканы колдонуу менен сабак өтүү чеберчилигин жогору билген окутуучуларыбыз бар**.** Алардын арасында мыкты окутуучулар, мыкты окумуштуулар көп, бирок жаңы технологияга “тиши өтпөгөндөрү” кездешпей койгон жок. Албетте, алардын үйрөнүшүнө шарт түзүп, жаңы шартка көнүп кетишине көмөктөшүп иш алып барып жатабыз.

Компьютердик, аудио жана видео техникалык каражаттарды пайдаланууга негизделген соңку усулдарды жана ыкмаларды онлайн сабактарды өтүүдө колдонууга болот. Онлайн окутуу Жогорку окуу жайдын системасында окутуучулар үчүн да, студенттер үчүн карым-катнаш түзүү абдан ыңгайлуу экенин кырдаал көрсөттү. Онлайн окутууда биз студенттерге системалуу түрдө ар бир сабакты тийиштүү көлөмдө окутуп, бир семестр бою чогуу иштей алабыз. Тек гана тапшырмаларды эле берип койсок, студенттер тийиштүү көлөмдө окуп жатканына кепилдик жок. Окубай жүрүп эле жыл аягында экзаменди эптеп-септеп тапшырып коем дегендердин жолун тандабастан, силлабусту күнүгө окута турган даражага жеткире албасак да, жумасына бир канча жолу байланышып, тапшырма беришибиз керек жана студенттердин аткарган иштерин текшерип, анын жыйынтыгана жараша балл коюп, туура эмес болсо эскертүүлөрдү берип, алардын кайрадан аткарып жөнөтүүсүнө мүмкүнчүлүк берүүбүз шарт. Демек, студенттерибиз менен үзгүлтүксүз байланышта болуу керек деген талаптын үстүндө иштөө жакшы натыйжаларды берерин эске алуу зарыл.

Студенттерге стандартта берилген дисциплиналар боюнча силлабустар, слайд-лекциялар берилип, практикалык дисциплиналар, электрондук тестирлөө биздин республиканын студенттери үчүн адаптацияланбаган программалар аркылуу окутулуп, илимий иштер да аткарылып жатат. Окутуучулардын иш сапатын жана жумушка мамилесин көзөмөлдөөчү дагы бир эң чоң күч – бул студенттер болуп эсептелинет. Биздин университеттин либералдуулугу, ийкемдүүлүгү жана натыйжалуулугу көп жылдык педагогикалык тажрыйбанын, педагогикалык илимий изилдөөлөрдүн, салыштыруулардын негизинде далилденген. Окуу жайыбыздын бүтүрүүчүлөрүнүн республикадагы жана жакынкы чет мамлекеттерде жетишкен ийгиликтери педагогикалык системасына чоң кадыр-барк алып келгендигин белгилей кетүү артыкбаш болбос.

**Аралыктан билим берүүнүн жана онлайн окутуунун шарттары**

Жогорку окуу жайларда аралыктан окутуунун шартында педагогикалык билим берүүнүн натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү жана жыйынтыктарын талдоо, эксперименталдык иштин жүрүшүндө алынган натыйжалар студенттердин билим, билгичиктеринин жана көндүмдөрүнүн калыптанышына таасирин тийгизе тургандыгын көрсөттү [9, 11-б.]

– ЖОЖдо аралыктан били берүүнүн моделин жана программага ылайык окуу методикалык комплекстерин түзүү натыйжалуу экендигин көрсөттү: [2]

– ЖОЖдо аралыктан окутуунун технологиясын пайдалануу менен окутуу шартында окуу дисциплинасы боюнча окутуунун моделин түзүүнү эске алуу;

– окутуу процессинин натыйжалуулугун камсыз кылуу үчүн дисциплиналар боюнча окуу методикалык комплекстерди түзүү;

– аралыктан окутуу шартында билим берүүдө уюштуруучулук-педагогикалык шарттарды эске алуу;

– аралыктан окутуу шартында билим берүү процессинде окутуунун инновациялык жана зарыл болгон учурда традициялык методдорун колдонууну;

– аралыктан билим берүүнү уюштуруу моделинин варианттарын иштеп чыгуу;

– көп баскычтуу университеттик билим берүү шартында аралыктан окутууну методикалык жана дидактикалык жактан камсыздоо;

– студенттердин кайра даярдоо системасында маалыматтык технологиялардын негизинде билим берүүнүн натыйжалуулугун изилдөө.

**Онлайн окутуунун жана аралыктан билим берүүнүн алгылыктуу иштери:**

Кырдаалга жараша аралыктан билим берүү жана онлайн окутуунун негизги элементтери катары төмөндөгүдөй иштер жүргүзүлдү:

– аралыктан республикалык семинарларды, конференцияларды ZOOM программасы, GOOGLe Meet, Jitsi Meet өткөрүү;

– AVN программалары аркылуу иш алып баруу;

– электрондук дарек (почта);

– виртуалдык класстык бөлмөлөр;

– кырдаалга жараша ZOOM программасы GOOGLe Meet, Jitsi Meet жүгүртмө аркылуу дисциплиналарды өткөрүү;

– окуу процессинде колдонулуучу электрондук окуу куралдар, ОМК;

– слайд-лекцияларды, практикалык дисциплиналарды өтүү,

– вотсап аркылуу тапшырмаларды жөнөтүү;

– ийкемдүүлүк;

– үйдөн чыкпастан окуу;

– техниканы колдоно билүү;

– убакытты туура пайдалануу;

– кырдаалга жараша эл аралык семинар, конференцияларга катышуу;

– кырдаалга жараша отурумдарды уюштуруу;

– илимий иштерди жүргүзүү;

– макала жазуу;

– бүтүрүүчүлөрдүн дипломдук, магистрлик иштерин жактоосу;

– бүтүрүүчүлөрдү ZOOM программасы аркылуу каттоодон өткөрүп, AVN программасы аркылуу мамлекеттик экзамендер өткөрүү.

– XX-кылымдын башында, тестирлөөнүн өнүккөн учурунда “окуу жетишкендиктери” “окуу ийгиликтери” деген терминдер кеңири колдонула баштаган. [5] Заманбап тестирлөө компьютердин жардамы менен жүргүзүлдүүдө.

– Бүгүнкү күндө интерактивдүү окутуунун ролу жогорулады.Мындай окутуу аркылуу студенттердин активдүүлүгүн артырууга болот.Көбүнчө интерактивдүү ыкмаларды пайдаланып сабак өтүү азыркы күндүн негизги талабы [12].

**Онлайн билим берүүнүн жетишпеген жактары:**

– студент менен окутуучунун бетме -бет баарлашуусунун жоктугу;
– дисциплиналар боюнча кыргыз тилинде адабияттардын жетишсиздиги;
– аймактарда, интернет булактарынын начар иштеши;
– студенттердин социалдык абалынын начарлыгы;
– кээ бир учурларда Кыргызстандын географиялык абалынан улам айрым аймактарда такыр интернет тартпаган учурлар;
– лабораториялык-практикалык дисциплиналарды өтүүдөгү жетишпестиктер;
– Мамлекеттик сынактарды өткөрүүдөгү айрым мүчүлүштүктөр;
– Техниканын толук жетишпегендиги;
– ZOOM программасында кырк минута сайын убакыттын бүтүшү, кайрадан баштоо;
– Техниканын кубаттулугунун начардыгы өңдүү ж.б. көрүнүштөр.

**Жыйынтыгы:**

Жогорку окуу жайлары күндүзгү окутуу бөлүмдөрүндө студенттерге аралыктан билим берүү формасына пандемияга байланыштуу аргасыздан өттү. Университет тарабынан жүгүртмө боюнча өтүлүүчү дисциплиналар боюнча видеосабактар даярдалып өтүлүүдө. Аралыктан билим берүү кырдаалга жараша ZOOM, GOOGLe Meet, Jitsi Meet, ZOOM, AVN программалары аркылуу иш алып барылууда.

Жогорку билим берүү системасын учурдагы жаңы муундагы телекоммуникациялык каражаттар, маалыматтык материалдар – окуу маалыматтык базалык ресурстарын Интернет тармагынын сервиси аркылуу камсыздоо зарыл. Аралыктан билим берүүнүн жана онлайн окутуунун айрымачылыктарын кароо.

ЖОЖдо аралыктан билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жардам берген моделдерди, технологияларды, педагогикалык шарттарды, иштелип чыккан окуу-методикалык комплекстерди, электрондук колдонмолорду, дидактикалык материалдарды, методикалык сунуштардын базасын жогорку окуу жайлардын окутуучулары жана студенттери аралыктан билим берүүдө жана онлайн окутуудагы AVN программасы аркылуу кеңири колдонсо болот. Аралыктан билим берүү компьютердик технология өнүгүп, жашообуздун бардык тармагына кирип, күн санап жаңылануулар болуп жатканда, алардын артынан ээрчишибиз абзел. Бул – бул мезгилдин талабы.

Аралыктан билим берүү жана онлайн окутууда студенттин базалык түшүнүгүн ааламдашуу мезгилине жараша интерактивдүүлүк жана студент менен окутуучунун системалык өз ара байланышы жана алардын иш-аракети катары түшүнүүгө болот. Дисциплиналарды өтүүдө, семинар, конференцияларга катышууда электрондук кызматтар аркылуу талкууларды жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрү көп экендигин эске алуу зарыл.

Окутуунун жыйынтыгында студент кандайдыр бир натыйжага ээ болот. Мындан тышкары студент ээ болгон натыйжа деңгээлдүү түрдө болот. Анткени, мисалы, бир студент окуу материалын жакшы өздөштүрөт, ал эми экинчи студент окуу материалын начар өздөштүрөт [5]. Студентке баа коюуда дагы студентин жетишкендигинин деңгээлдүү болуусу эске алынат. Ошол себептен окумуштуулар «өздөштүрүү деңгээли» түшүнүгүн сунуш кылышкан.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Авраамов, Ю.С. Практика формирования информационно-образовательной среды на основе дистанционных технологий [Текст] / Ю.С. Аврамов, В.Г. Зубков, А.Д. Шляпин // Дистанционное и виртуальное обучение. – 2004. – №11. – С. 5–7.
2. Ажыманбетова, Г.И. Создание базы данных в M. Access [Текст]: методическое руководство к лабораторным работам по информатике для студентов всех специальностей / Г.И. Ажыманбетова, М.Т. Жапаров, Ж.Р. Сарыпбекова. – Бишкек: КГУСТА, 2002. – С. 41.
3. Андреев, А.А. Дидактические основы дистанционного обучения [Текст] / А.А. Андреев. – М.: РАО, 1999. – С. 120.
4. Бурганова И.Н. Дистанционное обучение и возможности его применения в высшей школе // Инновации в образовании. – 2021. – №8.
5. Волова, Н.Ю. Педагогические основы дистанционного обучения [Текст]: дисс. … канд. пед. наук: 13.00.01 / Н.Ю. Волова. – Самара, 2000. – С. 156.
6. Калдыбаев, С.К. Кадырова З.А., "Башталгыч мектепте окучуунун окуу жетишкендиктерин баалоонун айрым маселелери [Текст]: // Журнал №1. Международного университет "Ала-Тоо". – Бишкек , 2021. – Б. 60.
7. Кененбаев, А.М. Модулдук окутуу шартында «Информатика» курсун моделдештирүүнүн дидактикалык негиздери [Текст]: пед. илим. канд. дис. автореф.: 13.00.02 / А.М. Кененбаев. – Бишкек, 2001. –Б.18.
8. Ким, В.Л. Рекомендации по созданию учебных пособий для студентов дистанционного обучения [Текст] / В.Л. Ким, Э. Мамбетакунов. – Бишкек: ИИМОП КГНУ, 1998. – С.16.
9. Наркозиев, А.К. Проектирование образовательно-профессиональных программ в ВУЗе на основе компетентностного подхода по кредитной технологии. Монография. [Текст] / А.К. Наркозиев. – Бишкек: Илим, 2009. – С. 264.
10. Мамытов А.М. Оценка образовательных достижений учащихся начальной школы. Монография / А.М. Мамытов, М. Мыкыева, Г. Тагаева. – Б., 2018. – С. 170.
11. Нуржанова, С.А. Моделирование учебно-методического комплекса по курсу «Информатика и информационные технологии» и методика его реализации (в процессе переподготовки и повышения квалификации кадров) [Текст]: дис. … канд. пед. наук: 13.00.02 / С.А. Нуржанова. – Бишкек, 2004. – С. 212.
12. Наркозиев, А.К. Интерактивные информационные технологии на основе WEB-серверов [Текст] / А.К. Наркозиев. – Бишкек, 1998.
13. Устабаева, Г.К. Сабак өтүүдө колдонулуучу интерактивдүү инновациялык ыкусулдар [Текст] // Журнал №1. Международного университет "Ала-Тоо". – Бишкек, 2021. – Б. 132.
14. Щенникова, О. Дистанционная форма высшего образования [Текст] / О. Щенникова // Высшее образование в России. – 2005. – №7. – С. 48.


**Рецензент: пед. илим. док., проф. Калдыбаева А.**